**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ЭКОНОМИКА**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ЭКОНОМИКА

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. ECONOMICS

**e-ISSN: 1694-8734**
№1(8)/2026, 71-83

**УДК: 338.43**
**DOI:** 10.52754/16948610_2026_1(8)_8

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЗЫК-ТҮЛҮК РЫНОГУНУН ИНФРАСТРУКТУРАСЫ: АБАЛЫ, КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖАНА ӨНҮГҮҮ ПЕРСПЕКТИВАЛАРЫ

# ИНФРАСТРУКТУРА ПРОДОВОЛЬСТВЕННОГО РЫНКА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ: СОСТОЯНИЕ, ПРОБЛЕМЫ И ПЕРСПЕКТИВЫ

# INFRASTRUCTURE OF THE FOOD MARKET OF THE KYRGYZ REPUBLIC: STATE, PROBLEMS, AND PROSPECTS

**Абдулложонова Азизпошшо Немонжоновна**
*Абдулложонова Азизпошшо Немонжоновна*
*Abdullozhonova Azizposhsho Nemonjonovna*

**улук окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*старший преподаватель, Ошский государственный университет*
*Senior Lecturer, Osh State University*
*aabdullajanova81@mail.ru*
*https://orcid.org/0000-0002-0149-0385*

**Ташбаев Азизбек Мазанович**
*Ташбаев Азизбек Мазанович*
*Tashbaev Azizbek Mazanovich*

**э.и.д., профессор, Ош технологиялык университети**
*д.э.н, профессор, Ошский технологический университет*
*Doctor of Economics, Professor, Osh Technological University*
*atashbaev@mail.ru*
*https://orcid.org/0000-0002-2519-4070*

**Усманова Зульфия Мусаевна**
*Усманова Зульфия Мусаевна*
*Usmanova Zulfiya Musaevna*

**улук окутуучу, Фергана мамлекеттик техникалык университети**
*Старший преподаватель, Ферганский государственный технический университет*
*Senior Lecturer, Fergana State Technical University*
*zulfiya2223563@gmail.com*
*https://orcid.org/0000-0002-6018-8266*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЗЫК-ТҮЛҮК РЫНОГУНУН ИНФРАСТРУКТУРАСЫ: АБАЛЫ, КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖАНА ӨНҮГҮҮ ПЕРСПЕКТИВАЛАРЫ

**Аннотация**

Бул макалада Кыргыз Республикасынын азык-түлүк рыногунун инфраструктурасынын учурдагы абалы, өнүгүү тенденциялары жана негизги өзгөчөлүктөрү комплекстүү түрдө талдоого алынат. Изилдөөдө азык-түлүк рыногунун инфраструктурасы айыл чарба продукциясын өндүрүүдөн тартып аны сактоо, кайра иштетүү, ташуу жана акыркы керектөөчүгө жеткирүүгө чейинки процесстерди камсыз кылган өз ара байланышкан экономикалык, уюштуруучулук жана институционалдык элементтердин тутуму катары каралат. Макалада транспорттук-логистикалык системанын, сактоо инфраструктурасынын, кайра иштетүү тармагынын жана рыноктук механизмдердин өнүгүү деңгээли бааланып, алардын натыйжалуулугуна таасир этүүчү негизги факторлор аныкталат. Ошондой эле тармактагы системалык көйгөйлөрдү жоюуга багытталган практикалык сунуштар иштелип чыгып, инфраструктураны модернизациялоо, агрологистикалык борборлорду түзүү, кайра иштетүү өнөр жайын өнүктүрүү жана санариптик технологияларды кеңири жайылтуу артыкчылыктуу багыттар катары сунушталат. Изилдөөнүн жыйынтыктары азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууда жана агрардык сектордун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууда маанилүү практикалык мааниге ээ.

**Негизги сөздөр:** азык-түлүк рыногу, айыл чарба, логистика, кайра иштетүү, соода инфраструктурасы, санариптештирүү, азык-түлүк коопсуздугу.

## *ИФРАСТРУКТУРА ПРОДОВОЛЬСТВЕННОГО РЫНКА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ: СОСТОЯНИЕ, ПРОБЛЕМЫ И ПЕРСПЕКТИВЫ*

**Аннотация**

В данной статье комплексно анализируются текущее состояние, тенденции развития и основные особенности инфраструктуры продовольственного рынка Кыргызской Республики. В исследовании инфраструктура продовольственного рынка рассматривается как система взаимосвязанных экономических, организационных и институциональных элементов, обеспечивающих процессы от производства сельскохозяйственной продукции до её хранения, переработки, транспортировки и доведения до конечного потребителя.

В статье оценивается уровень развития транспортно-логистической системы, инфраструктуры хранения, перерабатывающей отрасли и рыночных механизмов, а также выявляются ключевые факторы, влияющие на их эффективность. Кроме того, разработаны практические рекомендации, направленные на устранение системных проблем в отрасли. В качестве приоритетных направлений предлагаются модернизация инфраструктуры, создание агрологистических центров, развитие перерабатывающей промышленности и широкое внедрение цифровых технологий.

Результаты исследования имеют важное практическое значение для обеспечения продовольственной безопасности и повышения конкурентоспособности аграрного сектора.

***Ключевые слова:*** *продовольственный рынок, сельское хозяйство, логистика, переработка, торговая инфраструктура, цифровизация, продовольственная безопасность.*

## *INFRASTRUCTURE OF THE FOOD MARKET OF THE KYRGYZ REPUBLIC: STATE, PROBLEMS, AND PROSPECTS*

**Abstract**

This article provides a comprehensive analysis of the current state, development trends, and key features of the food market infrastructure in the Kyrgyz Republic. The study considers the food market infrastructure as a system of interrelated economic, organizational, and institutional elements that ensure processes from the production of agricultural products to their storage, processing, transportation, and delivery to the final consumer.

The article assesses the level of development of the transport and logistics system, storage infrastructure, processing industry, and market mechanisms, and identifies the key factors affecting their efficiency. In addition, practical recommendations aimed at addressing systemic issues in the sector are developed. The priority areas include infrastructure modernization, the establishment of agrologistics centers, the development of the processing industry, and the widespread adoption of digital technologies.

The results of the study have significant practical importance for ensuring food security and enhancing the competitiveness of the agricultural sector.

***Keywords:*** *food market, agriculture, logistics, processing, trade infrastructure, digitalization, food security.*

**Киришүү.** Азык-түлүк рыногунун туруктуу иштеши ар бир мамлекеттин экономикалык коопсуздугу менен социалдык туруктуулугунун негизги шарттарынын бири болуп саналат. Калктын сапаттуу жана жеткиликтүү азык-түлүк менен камсыз болушу, айыл чарба өндүрүүчүлөрүнүн экономикалык кызыкчылыктарын коргоо, ички рыноктогу баалардын туруктуулугун сактоо жана өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун бекемдөө сыяктуу маселелер түздөн-түз ушул рыноктун иштөө механизми менен байланышкан.

Кыргыз Республикасы агрардык багыттагы өлкө болгондуктан, айыл чарба тармагы экономиканын негизги бөлүктөрүнүн бири болуп эсептелет. Ошол эле учурда өндүрүш көлөмү жетиштүү болгону менен, продукцияны керектөөчүгө жеткирүү, сактоо жана натыйжалуу бөлүштүрүү маселелери толук чечиле элек.

Ушуга байланыштуу азык-түлүк рыногунун инфраструктурасын өнүктүрүү маселеси өзгөчө актуалдуу болуп саналат. Бул изилдөөнүн негизги максаты катары — азык-түлүк рыногунун инфраструктурасынын учурдагы абалын баалоо жана анын өнүгүү багыттарын илимий негиздөө каралат.

**Изилдөөнүн теориялык негиздери.** Азык-түлүк рыноктун инфраструктурасы деп айыл чарба продукциясынын өндүрүштөн тартып акыркы керектөөчүгө чейин жетишин камсыз кылган уюмдардын, мекемелердин жана техникалык каражаттардын жыйындысы түшүнүлөт *(Бекбоев Т. Т. 2019, 210-б).*

Анын негизги элементтери төмөнкүлөр болуп саналат:

- айыл чарба өндүрүшүн камсыз кылуучу базасы;
- транспорттук-логистикалык системасы;
- рыноктук жана соода инфраструктурасы;
- кайра иштетүү ишканалары;
- финансылык-кредиттик кызматтары;
- маалыматтык жана санариптик системалары;
- мамлекеттик жөнгө салуу механизмдери.

Бул элементтердин өз ара байланышы рыноктун туруктуулугун жана натыйжалуулугун камсыз кылат.

Изилдөөдө статистикалык маалыматтарды талдоо, салыштырмалуу анализ жана системалык мамиле колдонулду. Ошондой эле экономикалык процесстерди жалпылоо жана баалоо ыкмалары пайдаланылды. Маалымат булагы катары расмий статистикалык маалыматтар жана эл аралык уюмдардын материалдары колдонулду (Абдуллажанова, А. Н. 2023, 176-б).

**Азык-түлүк рыногунун жалпы абалы.** Кыргызстанда айыл чарба тармагы ички дүң продукциянын болжол менен **12–15%ын түзөт**, ал эми калктын негизги бөлүгү ушул тармакта эмгектенет *(Абдуллажанова, А. Н. 2023, 176-б).*

Жыл сайын өлкөдө төмөнкүдөй продукция өндүрүлөт:

- дан эгиндери — 1,5–1,8 млн тонна;
- картөшкө — 1,2–1,4 млн тонна;
- жашылча-жемиш — 1 млн тоннага жакын;
- сүт — 1,6–1,8 млн тонна;
- эт — 400–450 миң тонна *(Абдуллажанова, А. Н. 2023, 176-б; Асанов, У. А., Жумабекова, А. Т., 2022, 198-б).*

Негизги айыл чарба продукциясынын өндүрүш көлөмүн  таблица-1 ден көрүүгө болот**.**

1-таблица. Негизги айыл чарба продукциясынын өндүрүш көлөмү

| Продукция | Көлөм (мин–макс) | Орточо көлөм (млн т) |
|---|---|---|
| Дан эгиндери | 1,5–1,8 млн т | 1,65 |
| Картошка | 1,2–1,4 млн т | 1,30 |
| Жашылча-жемиш | ~1,0 млн т | 1,00 |
| Сүт | 1,6–1,8 млн т | 1,70 |
| Эт | 0,4–0,45 млн т | 0,43 |

***Булак:*** *Улуттук статистика комитетинин маалыматтарынын негизинде*

Ошол эле учурда инфраструктуранын жетишсиздиги рыноктун натыйжалуулугун төмөндөтүүдө.

**Инфраструктуранын негизги маселелери**

**1. Транспорт жана логистика.** Кыргыз Республикасынын азык-түлүк рыногунун инфраструктурасында транспорттук-логистикалык система өзгөчө мааниге ээ, ушуга байланыштуу ал продукциянын өндүрүштөн керектөөчүгө чейин үзгүлтүксүз жеткирилишин камсыздайт. Бирок өлкөдө бул тармак жетиштүү деңгээлде өнүкпөй калгандыгы байкалууда *(Жолдошев, М. К., 2022, 238-б).*

Биринчи кезекте, транспорт системасынын негизги өзгөчөлүгү — жүктөрдүн басымдуу бөлүгү автоунаа транспорту аркылуу ташылышы болуп саналат. Темир жол жана башка транспорт түрлөрү азыраак колдонулат, бул жагдай логистикалык мүмкүнчүлүктөрдүн кеңейишин олуттуу түрдө чектеп, жалпы рыноктук натыйжалуулукка терс таасирин тийгизет. Мындай бир тараптуу көз карандылык транспорттук чыгымдардын жогорулашына алып келет.

Экинчи маанилүү көйгөй — жол инфраструктурасынын сапаты. Кыргызстандын географиялык өзгөчөлүктөрү, айрыкча тоолуу рельеф, жол куруу жана тейлөө иштерин татаалдатат. Айыл аймактарындагы жолдордун олуттуу бөлүгү начар абалда болгондуктан, айыл чарба продукциясын базарларга жеткирүүдө кыйынчылыктар жаралат. Мунун натыйжасында транспорттук чыгымдардын өсүшү байкалат, бул өз кезегинде продукциянын акыркы баасына түздөн-түз таасир этет *(Асанов, У. А., Жумабекова, А. Т. ,2022, 198-б).*

Үчүнчү көйгөй — логистикалык борборлордун жана бөлүштүрүү системаларынын жетишсиздиги. Өлкөдө заманбап агрологистикалык борборлор, сорттоо жана таңгактоо комплекстери, ошондой эле муздаткыч логистика жетишсиз өнүккөн. Бул өзгөчө тез бузулуучу продукциялар үчүн чоң көйгөй жаратат, анткени аларды узак аралыкка ташууда сапаты төмөндөп кетет.

Төртүнчү аспект - логистикалык процесстердин уюштурулушунун төмөн деңгээли. Көпчүлүк фермерлер продукцияны өз алдынча, чакан көлөмдө сатышат, бул масштаб эффектисин колдонууга мүмкүндүк бербейт. Натыйжада бирдик продукцияга кеткен чыгым жогору бойдон калууда.

Ошондуктан транспорттук-логистикалык инфраструктураны өнүктүрүү Кыргызстандын азык-түлүк рыногунун эффективдүүлүгүн жогорулатуунун негизги шарттарынын бири болуп саналат. Бул багытта жолдорду модернизациялоо, логистикалык борборлорду түзүү, муздаткыч ташуу системасын өнүктүрүү жана санарип логистиканы киргизүү өзгөчө мааниге ээ.

Ал эми транспорттук-логистикалык инфраструктураны өнүктүрүүдө мамлекеттик колдоо менен катар жеке сектордун активдүү катышуусу чечүүчү мааниге ээ, анткени бул тармак инвестициялык жагымдуулукка түздөн-түз көз каранды.

Азык-түлүк рыногунун натыйжалуу иштешинде продукцияны сактоо системасы өзгөчө мааниге ээ. Сактоо инфраструктурасы өндүрүлгөн продукциянын сапатын сактоого, сезондук өзгөрүүлөрдү тең салмактоого жана рынокто туруктуу сунушту камсыз кылууга мүмкүндүк берет. Бирок Кыргыз Республикасында бул багыт жетиштүү деңгээлде өнүкпөй калган.

Негизги көйгөйлөрдүн бири — заманбап кампалардын жана муздаткыч сактоочу жайлардын жетишсиздиги. Айрыкча мөмө-жемиш, жашылча сыяктуу тез бузулуучу продукциялар үчүн температуралык режимди сактоо өтө маанилүү. Бирок көпчүлүк фермерлер мындай шарттарга ээ эмес, натыйжада продукциянын олуттуу бөлүгү сактоо учурунда бузулуп кетет. Бул багытта сактоо технологияларынын артта калгандыгын белгилеп кетсе болот. Көпчүлүк кампалар эски ыкмалар менен иштейт жана заманбап вентиляция, нымдуулукту көзөмөлдөө жана сорттоо системалары менен жабдылган эмес. Бул продукциянын сапатынын төмөндөшүнө жана сактоо мөөнөтүнүн кыскарышына алып келет.

Белгилей кетүүчү маанилүү жагдай — Кыргыз Республикасынын азык-түлүк рыногунун инфраструктурасында орун алган көйгөйлөр бир гана тармактык мүнөздө эмес, ошондой эле системалык мүнөзгө ээ болуп саналат. Бул көйгөйлөрдүн калыптанышына экономикалык, институционалдык жана аймактык факторлордун комплекстүү таасири чоң роль ойнойт. Айрыкча өндүрүштүк инфраструктуранын жетишсиз өнүгүшү башкаруу системасынын натыйжасыздыгы жана секторлор аралык координациянын төмөн деңгээли менен коштолууда.  Жогоруда айтылган көйгөйлөрдү чечүү үчүн заманбап сактоо комплекстерин куруу, муздаткыч технологияларды киргизүү жана логистикалык чынжырларды өнүктүрүү зарыл *(Асанов, У. А.,  Жумабекова, А. Т. ,2022, 199-б).*

Ошону менен бирге, өлкөнүн географиялык өзгөчөлүктөрү да инфраструктуранын өнүгүүсүнө түз таасирин тийгизет. Тоолуу рельеф, калктуу конуштардын таркашы жана транспорттук байланыштардын татаалдыгы логистикалык системанын бирдиктүү иштешине тоскоолдук жаратууда. Натыйжада өндүрүүчүлөр менен керектөөчүлөрдүн ортосундагы байланыш узарып, ортомчулук звенолордун саны көбөйүүдө, бул болсо акыркы продукциянын акыркы наркында транзакциялык издердин үлүшүнүн өсүшүнө жана инфляциялык басым жасоого шарт түзөт.

**2. Кайра иштетүү өнөр жайынын жетишсиз өнүгүшү.** Айыл чарба продукциясын кайра иштетүү - азык-түлүк рыногунун маанилүү звенолорунун бири болуп саналат. Ал продукцияга кошумча нарк кошуп, анын сакталуу мөөнөтүн узартат жана экспорттук мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтет. Бирок Кыргыз Республикасында бул тармак жетиштүү деңгээлде өнүкпөй калган.

Эң олуттуу тоскоолдуктардын бири - продукциянын басымдуу бөлүгүнүн чийки түрүндө сатылышы. Бул өлкөдө кошумча нарктын түзүлүшүн чектеп, экономикалык пайда башка өлкөлөргө өтүп кетишине алып келет *(Дыйканбаев, Н. С. , 2021, 196-б).*

Экинчи көйгөй - кайра иштетүү ишканаларынын техникалык жана технологиялык деңгээлинин төмөн болушу. Көпчүлүк ишканалар эски жабдууларды колдонушат жана заманбап стандарттарга жооп бербейт. Бул продукциянын сапатына жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө терс таасир этет. Ошондой эле кайра иштетүү тармагына инвестиция тартуу кыйын болгондуктан, жаңы ишканаларды ачуу жана модернизациялоо жай темпте жүрүүдө.

Бул тармакты өнүктүрүү үчүн заманбап кайра иштетүү ишканаларын түзүү, технологияларды жаңылоо, инвестиция тартуу жана продукцияны эл аралык стандарттарга ылайык келтирүү зарыл *(Асанов, У. А., Жумабекова, А. Т. ,2022, 199-б).*

Негизги көйгөйлөр жана аларды чечүү жолдору 2- таблица көрсөтүлгөн

2-таблица. Азык-түлүк рыногунун инфраструктурасындагы негизги көйгөйлөр жана аларды чечүү жолдору

| **№** | **Көйгөй** | **Себептери** | **Чечүү жолдору** |
|---|---|---|---|
| 1 | Транспорттук-логистикалык инфраструктуранын жетишсиз өнүгүшү | Жолдордун сапатынын төмөндүгү; тоолуу рельеф; логистикалык борборлордун жоктугу | Жол инфраструктурасын модернизациялоо; агрологистикалык борборлорду түзүү; транспорттук чыгымдарды оптималдаштыруу |
| 2 | Сактоо инфраструктурасынын начарлыгы | Муздаткыч кампалардын жетишсиздиги; эски технологиялар; айыл жерлеринде мүмкүнчүлүктөрдүн чектелиши | Заманбап кампаларды куруу; cold chain системасын киргизүү; сактоо технологияларын жаңылоо |
| 3 | Рыноктук инфраструктуранын өнүкпөгөндүгү | Базарлардын эски форматы; стандарттардын жоктугу; көмүскө экономиканын үлүшү | Соода инфраструктурасын модернизациялоо; санитардык стандарттарды киргизүү; |
| 4 | Кайра иштетүү тармагынын начар өнүгүшү | Технологиялардын эскилиги; инвестициялардын жетишсиздиги; чийки продукцияны сатуу | Кайра иштетүү ишканаларын өнүктүрүү; инвестиция тартуу; экспортко багытталган өндүрүштү колдоо |

***Булак:*** *автор тарабынан түзүлгөн*

**3. Рыноктук инфраструктуранын өнүгүү деңгээли.** Кыргыз Республикасынын азык-түлүк рыногунда рыноктук инфраструктура маанилүү роль ойнойт, анткени ал өндүрүүчүлөр менен керектөөчүлөрдүн ортосунда түз байланыш түзөт. Өлкөдө базарлар (традициялык соода жайлары) негизги соода формасы болуп саналат жана чекене сооданын басымдуу бөлүгүн камсыз кылат.

Базарлардын негизги артыкчылыктары - жеткиликтүүлүк, баанын ийкемдүүлүгү жана жергиликтүү продукциянын кеңири сунушталышы болуп эсептелет. Бирок алардын ишмердүүлүгүндө бир катар олуттуу кемчиликтер бар.

Биринчи кезекте, базарлардын көпчүлүгү заманбап инфраструктуралык талаптарга жооп бербейт. Соода жайларынын техникалык абалы, санитардык-гигиеналык шарттары жана сактоо мүмкүнчүлүктөрү жетишсиз. Бул продукциянын сапатына терс таасирин тийгизет.

Ошондой эле баа түзүү механизмдеринин жетиштүү деңгээлде ачык эместиги. Соодада ортомчулардын ролу жогору болгондуктан, өндүрүүчү менен акыркы керектөөчүнүн ортосунда баа айырмасы көбөйөт. Бул фермерлердин кирешесинин азайышына алып келет *(Абдуллажанова, А. Н. 2023, 176-б).*

Үчүнчү аспект — соода операцияларынын көбүнчө накталай формада жүргүзүлүшү. Бул рыноктун ачыктыгын чектеп, көмүскө экономиканын үлүшүн көбөйтөт. Заманбап соода тармактары (супермаркеттер, электрондук соода платформалары) акырындык менен өнүгүп жатканы менен, алардын үлүшү азырынча жетишсиз деңгээлде.

Бул багытты өнүктүрүү үчүн соода инфраструктурасын модернизациялоо, стандарттарды киргизүү жана электрондук сооданы өнүктүрүү зарыл.

Жүргүзүлгөн талдоонун негизинде төмөнкү көйгөйлөр аныкталды:

- инфраструктуранын жетишсиз өнүгүшү;
- логистикалык системанын начар уюштурулушу;
- продукциянын жоготууларынын жогорку деңгээли;
- кайра иштетүүнүн төмөн үлүшү;
- каржылоого жеткиликтүүлүктүн чектелиши;
- санариптештирүүнүн жетишсиз деңгээли *(Асанов, У. А., Жумабекова, А. Т. ,2022, 198-б; Бабаев, Д. М. , 2020, 224-б).*

Бул изилдөө Кыргыз Республикасынын азык-түлүк рыногунун инфраструктурасынын негизги көйгөйлөр катары төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот: транспорттук-логистикалык системанын алсыздыгы, сактоо мүмкүнчүлүктөрүнүн жетишсиздиги жана кайра иштетүү тармагынын төмөн деңгээли аныкталды. Ошондой эле каржылоо мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелиши жана санариптештирүүнүн жай жүрүшү рыноктун натыйжалуулугуна терс таасир тийгизүүдө. Аталган факторлордун жыйындысы рыноктун туруктуу өнүгүүсүнө тоскоолдук жаратып, анын натыйжалуулугунун төмөндөшүнө алып келет.

Ошого карабастан, инфраструктураны модернизациялоо аркылуу бул тармакты өнүктүрүүгө олуттуу мүмкүнчүлүктөр бар. Азык-түлүк рыногунун инфраструктурасын өркүндөтүү өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугу үчүн маанилүү шарт болуп саналат *(Абдуллажанова, А. Н. 2023, 176-б).*

Азык-түлүк рыногунун инфраструктурасын өнүктүрүү үчүн төмөнкү чараларды ишке ашыруу сунушталат:

- агрологистикалык борборлорду түзүү;

- сактоо инфраструктурасын модернизациялоо;
- кайра иштетүү өнөр жайын өнүктүрүү;
- санариптик технологияларды кеңири киргизүү;
- транспорттук тармакты жакшыртуу;
- мамлекеттик колдоо механизмдерин күчөтүү *(Бабаев, Д. М. , 2020, 224-б; Дыйканбаев, Н. С. , 2021, 196-б).*

**4. Санариптештирүүнүн ролу азык-түлүк рыногунун инфраструктурасын өнүктүрүүдө.** Азыркы глобалдык экономикалык шарттарда санариптик технологиялар өндүрүштөн тартып кызмат көрсөтүү тармактарына чейин тездик менен интеграциялануу процессин баштан кечирип, экономиканын дээрлик бардык секторлорунун сапаттык өзгөрүүлөрдү жана структуралык трансформацияларды аныктоодо өз таасирин тийгизип келүүдө. Айыл чарба жана азык-түлүк рыногу да бул глобалдык тенденциянын маанилүү объектисине айланды. Санариптештирүү бүгүнкү күндө инфраструктураны модернизациялоонун инфраструктуралык өнүгүүнүн стратегиялык негизги шарттарынын бири катары каралып, рыноктун ачыктыгын камсыз кылууга, ресурстарды натыйжалуу бөлүштүрүүгө жана атаандаштык чөйрөнү кеңейтүүгө өбөлгө түзөт.

Азыркы шартта санариптик технологиялар айыл чарба жана азык-түлүк рыногунун өнүгүүсүндө жөн гана кошумча инструмент эмес, тескерисинче, рыноктук архитектураны трансформациялоочу фундаменталдык фактор болуп саналат. Санариптик платформалар рыноктук маалыматтын ачыктыгын камсыз кылып, баа түзүү процессин оптималдаштырат жана катышуучулардын ортосундагы маалыматтык асимметрияны минимизациялоо аркылуу рыноктук субъекттердин транзакциялык ишенимдүүлүгүн арттырат.

Санариптештирүү логистикалык чынжырчалардын операциялык натыйжалуулугун институционалдык деңгээлде модернизациялайт. Жеткирүү маршруттарын автоматташтырылган эсептөө, кампалык башкаруу системаларын киргизүү жана реалдуу убакыт режиминде товар агымын көзөмөлдөө операциялык издерди оптималдаштырып, ресурстарды эксплуатациялоонун рентабелдүүлүгүн жогорулатат.

Ошол эле учурда санариптик трансформациянын толук кандуу ишке ашышы үчүн бир катар шарттар талап кылынат. Алардын ичинде телекоммуникациялык инфраструктуранын жеткилүүлүгүн, өткөрүү жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу, санариптик сабаттуулукту жогорулатуу жана инвестициялык колдоону күчөтүү өзгөчө мааниге ээ. Кыргыз Республикасында санариптик трансформация акырындык менен ишке ашырылып жатканына карабастан, анын санариптик потенциалдын интеграциялык коэффициенти чектелген бойдон калууда. Өзгөчө айыл чарба секторунда санариптик инструменттерди киргизүү жетишсиз бойдон калууда. Ошентсе да бул багыт рыноктун натыйжалуулугун жогорулатууда рыноктук архитектураны оптималдаштырууда жана атаандаштык артыкчылыктарды калыптандырууда мультипликативдик эффект берет *(Бабаев, Д. М. , 2020, 225-б).*

Биринчи кезекте, санариптик технологиялар маалыматтын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат. Электрондук платформалар аркылуу айыл чарба өндүрүүчүлөр рыноктук баалар, суроо-талаптын динамикасы жана сунуштун көлөмү жөнүндө ыкчам маалыматтарды ала алышат. Мындай маалыматтык ачыктык баа түзүү механизмдерин жакшыртып, ортомчулардын санын кыскартууга шарт түзөт.

Кийинки фундаменталдык багыт катары логистикалык процесстерди оптималдаштыруу каралат. Санариптик системаларды колдонуу жүктөрдүн кыймылын

көзөмөлдөөгө, жеткирүү транспорттук траекторияларды алгоритмдик оптималдаштырууга жана кампалык операцияларды координациялоого мүмкүндүк берет. Натыйжада транспорттук операциялардын чыгымдардын минимизацияланып, жеткирүү мөөнөттөрү кыскарууда.

Үчүнчүдөн, электрондук сооданын өнүгүшү рыноктук мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтет. Онлайн платформалар аркылуу фермерлер өз продукциясын түздөн-түз керектөөчүлөргө же соода уюмдарына сунуштай алышат. Бул транзакциялык ортомчуларды кыскартууну камсыз кылып, өндүрүүчүлөрдүн кирешесинин өсүшүнө оң таасирин тийгизет.

Азык-түлүк рыногунун инфраструктурасын өнүктүрүү процесси бир катар тобокелдиктер менен коштолот. Алардын ичинде инвестициялык активдүүлүктүн төмөндүгү, климаттык өзгөрүүлөрдүн терс таасири жана тышкы рынокторго болгон тышкы рыноктук конъюнктурага карата импорттук-экспорттук көз карандылыктын жогорулугу. Айрыкча климаттык факторлор айыл чарба өндүрүшүнүн туруктуулугуна олуттуу таасир этет. Суу ресурстарынын жетишсиздиги, температуралык өзгөрүүлөр жана табигый кырсыктардын көбөйүшү агрардык продукциянын өндүрүштүк туруксуздугун күчөтөт. Бул жагдай азык-түлүк коопсуздугунун системалык туруктуулугуна коркунучтарды жаратат. Ошондой эле ички рыноктун структуралык алсыздыгы да тобокелдик фактору болуп эсептелет. Агрардык өнөр жай комплексиндеги кайра иштетүүчү сегменттин технологиялык дефицити жана кошумча нарк түзүүнүн деңгээлин төмөндүгү өлкөнүн экспорттук мүмкүнчүлүктөрүн чектейт *(Бабаев, Д. М. , 2020, 225-б; Дыйканбаев, Н. С. , 2021, 196-б).*

Ошол эле учурда санариптештирүүнү кеңири жайылтууга тоскоол болгон факторлор да бар. Алардын ичинде айрым аймактарда интернет байланыштын жетишсиз өнүккөндүгү, агрардык субъекттердин санариптик компетенцияларынын жетишсиздиги жана инвестициялык капиталдын тартыштыгы жана каржылык ресурстардын чектелген рентабелдүүлүгү өзгөчө белгиленет.

Аталган көйгөйлөрдү жоюу үчүн мамлекеттик жөнгө салуунун комплекстүү протекционисттик жана стимулдаштыруучу механизмдерин иштеп чыгуу зарыл. Бул багытта санариптик платформаларды өнүктүрүү, айыл чарба өндүрүүчүлөрүн окутуу жана региондордо маалыматтык-коммуникациялык инфраструктураны кеңейтүү негизги приоритеттерден болуп саналат.

**5. Эл аралык тажрыйба жана аны Кыргызстандын шартында колдонуу мүмкүнчүлүктөрү.** Азык-түлүк рыногунун инфраструктурасын өркүндөтүүдө эл аралык алдыңкы тажрыйбаларды изилдөө жана аларды улуттук экономикалык моделге адаптациялоо өзгөчө мааниге ээ. Өнүккөн мамлекеттерде бул система жогорку деңгээлде уюштурулуп, айыл чарба продукциясынын өндүрүштөн тартып акыркы керектөөчүгө чейинки бардык этаптары эффективдүү интеграцияланган *(Асанов, У. А., Жумабекова, А. Т. ,2022, 201-б).*

Европа Биримдигинин өлкөлөрүндө агрологистикалык борборлор кеңири колдонулуп, рыноктук инфраструктуранын базалык институционалдык компоненти катары чыгат. Бул борборлор продукцияны кабыл алуу, сактоо, сорттоо, таңгактоо жана бөлүштүрүү функцияларын бириктирип, логистикалык процесстердин натыйжалуулугун жогорулатат.

Нидерландиянын тажрыйбасы өзгөчө көңүл бурууга татыктуу. Бул өлкөдө агрардык сектор технологиялык интенсивдүүлүктүн жогорку деңгээли жана инновациялык өндүрүш моделдери, өндүрүш процесстери кеңири автоматташтырылган. Кайра иштетүү деңгээлинин жогорулугу жана экспортко багытталган стратегия өлкөнү дүйнөлүк агроазык-түлүк рыногунда туруктуу атаандаштык артыкчылыктарды жана лидерлик позицияларды камсыз кылган.

Ошондой эле Түркиянын мисалында айыл чарба тармагын өнүктүрүүнүн эффективдүү моделин байкоого болот. Бул өлкөдө агрардык кооперация процесстеринин институционалдык деңгээлде өнүккөндүгү, мамлекеттик протекционизмдин жана субсидиялоонун детерминацияланган тутуму катары колдонулат. Мындан тышкары, экспорттук потенциалды жогорулатууга багытталган саясат жүргүзүлүүдө.

Кыргызстан үчүн бул тажрыйбалар бир катар маанилүү багыттарды аныктоого мүмкүндүк берет. Алардын ичинде агрологистикалык борборлорду түзүү, агрардык субъекттердин институционалдык кооперациясын стимулдаштыруу, кайра иштетүү тармагын өнүктүрүү жана эл аралык сапат стандарттарын киргизүү өзгөчө маанилүү болуп саналат.

Ошону менен бирге чет өлкөлүк тажрыйбаларды түздөн-түз көчүрүү эмес, аларды өлкөнүн географиялык, экономикалык жана социалдык улуттук экономиканын спецификасын эске алуу менен трансформациялоо зарыл.

**6. Мамлекеттик саясаттын ролу жана колдоо механизмдери.** Инфраструктуралык маселелерди чечүүдө мамлекеттик саясаттын ролу өзгөчө мааниге ээ. Натыйжалуу жөнгө салуу механизмдери тармактын армактын динамикалык өсүшүн жана инвестициялык жагымдуулугун институционалдык камсыздоого багытталат. Мамлекет агрардык секторду колдоо менен бирге рыноктук механизмдердин туруктуулугун камсыз кылууга багытталган институционалдык миссиясын реализациялоого жана макроэкономикалык жөнгө салууну камсыз кылууга тийиш.Бул багытта мамлекеттик-жеке өнөктөштүк механизмдерин өнүктүрүү, инвестициялык климатты оптимизациялоо, капиталдын киришине ар кандай тоскоолдуктарды минимизациялоо жана аймактык өнүгүү саясаттарын активдештирүү приоритеттүү стратегиялык вектор катары каралат. Ошондой эле салыктык жеңилдиктерди жана субсидиялык программаларды натыйжалуу колдонуу зарыл *(Абдуллажанова, А. Н. 2023, 176-б; Жолдошев, М. К., 2022, 238-б).*

Мамлекеттик саясаттын эффективдүүлүгү анын узак мөөнөттүү стратегиялык пландоого негизделишине жана бардык кызыкдар тараптардын катышуусуна жараша болотКыргыз Республикасында айыл чарба тармагын колдоого багытталган тармактык максаттуу программалардын комплекси ишке ашырылып келет. Алардын катарына жеңилдетилген насыялар, фискалдык субсидиялоо инструменттери жана инвестициялык долбоорлорду каржылоо кирет *(Бекбоев Т. Т. 2019, 210-б).*

Бирок практикалык деңгээлде бул чаралардын натыйжалуулугу дайыма эле жетиштүү боло бербейт. Мунун себептери катары каржылык ресурстардын чектелиши, колдоо программаларына жеткиликтүүлүктүн төмөндүгү, административдик жана бюрократиялык тоскоолдуктар көрсөтүлөт.

Мамлекеттик саясатты өркүндөтүү үчүн кошумча чараларды ишке ашыруу талап кылынат. Алардын ичинде мамлекеттик-жеке өнөктөштүктү өнүктүрүү, инвестициялык климатты жакшыртуу, фискалдык стимулдаштыруу, салыктык преференцияларды дифференциациялоо жана аймактык өнүгүү программаларын күчөтүү өзгөчө мааниге ээ.

Бул багыттар инфраструктурага инвестиция тартууну активдештирип, айыл чарба тармагынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга көмөктөшөт.

Кыргыз Республикасынын азык-түлүк рыногу келечекте өнүгүү үчүн олуттуу потенциалдык өсүү резервдерине жана атаандаштык артыкчылыктарга ээ. Табигый-климаттык шарттардын ыңгайлуулугу, айыл чарба салттарынын сакталышы жана эмгек ресурстарынын жетиштүүлүгү бул тармакты агрардык секторду модернизациялоонун фундаменталдык негизи фактору болуп саналат *(Бекбоев Т. Т. 2019, 210-б).*

Келечектеги өнүгүү бир катар стратегиялык багыттарга негизделет. Алардын ичинде органикалык продукция өндүрүшүн кеңейтүү, экспорттук багытты стимулдаштыруу жана тышкы базарлардагы нишаларды өздөштүрүү, инновациялык технологияларды киргизүү жана агроөнөр жай комплексин комплекстүү өнүктүрүү өзгөчө мааниге ээ.

Ошондой эле климаттык өзгөрүүлөрдүн таасирин эске алуу зарыл. Суу-ресурстук потенциалды рационалдуу жана эффективдүү пайдалануунун инновациялык технологияларын иш жүзүнө ашыруу, экологиялык жактан туруктуу технологияларды колдонуу жана агрардык өндүрүштүн экологиялык-экономикалык туруктуулугун камсыз кылуу келечектеги негизги милдеттердин бири болуп калууда.

Жалпысынан алганда, азык-түлүк рыногунун инфраструктурасын өнүктүрүү логистика, сактоо, кайра иштетүү жана санариптик технологияларды киргизүү менен тыгыз байланышта. Бул элементтердин комплекстүү өнүгүүсү гана рыноктун жалпы натыйжалуулугун жогорулатууга мүмкүндүк берет.

Инновациялар жана туруктуу өнүгүү факторлору азык-түлүк рыногунун инфраструктурасын өнүктүрүүдө стратегиялык приоритет катары классификацияланат. Азыркы шартта азык-түлүк рыногунун инфраструктурасын өнүктүрүү инновациялык технологияларды инновациялык инструменттердин детерминацияланган интеграциясы менен мүнөздөлөт. Дүйнөлүк практика көрсөткөндөй, агрардык сектордо инновациялар өндүрүштүк циклдердин рентабелдүүлүгүн экстенсивдүү жогорулатуу менен бирге ресурстарды сактоочу технологияларды оптималдаштырууга жана экологиялык туруктуулукту камсыз кылууга мүмкүндүк берет *(Асанов, У. А., Жумабекова, А. Т. ,2022, 199-б).*

Инновациялык технологиялык чечимдердин өзөктүү компоненти катары так дыйканчылык концепциясын сунуштап кетсек болот. Бул ыкма спутниктик маалыматтарды, сенсорлорду жана маалыматтык системаларды колдонуу аркылуу жер ресурстарын эксплуатациялоонун рационалдуулугун жана агротехникалык тактыгын аныктоого шарт түзөт. Натыйжада жер семирткичтердин, суунун жана башка ресурстардын өндүрүштүк каражаттардын (жер семирткичтер, ирригациялык ресурстар) чыгымдарын минимизациялап, алардын кайтарымдуулук коэффициентин жогорулатат.

Мындан тышкары, агрардык сектордо автоматташтыруу жана роботтоштуруу процесстери кеңири жайылууда. Айрым өлкөлөрдө айыл чарба техникалары адамдык фактордун катышуусуз, интеллектуалдык алгоритмдердин негизинде иштеп, өндүрүш чыгымдарын азайтууга жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга көмөктөшүүдө.

Туруктуу өнүгүү концепциясы да азык-түлүк рыногунун инфраструктурасын өнүктүрүүдө өзгөчө мааниге ээ. Бул багытта экологиялык таза өндүрүштү өнүктүрүү, органикалык продукцияны көбөйтүү жана айлана-чөйрөгө тийгизилген антропогендик

басымды минимизациялоо жана экологиялык изди кыскартуу негизги милдеттердин катарына кирет.

Кыргызстан үчүн бул багыттар перспективдүү экономикалык горизонтторду жана өсүү чекиттерин түзөт. Айрыкча органикалык айыл чарбасын өнүктүрүү дүйнөлүк рыноктук конъюнктурада туруктуу атаандаштык артыкчылыктарды калыптандырууга мүмкүндүк берет. Бул үчүн тиешелүү сертификация системаларын өнүктүрүү жана экспорттук каналдарды кеңейтүү зарыл.

Ошондой эле инновацияларды киргизүү үчүн илимий изилдөөлөрдү колдоо, билим берүү системасын өнүктүрүү жана өндүрүштүк сектор менен илимий-изилдөө институттарынын ортосундагы интеграциялык байланыштарды активдештирүү маанилүү болуп саналат. Бул чаралар узак мөөнөттүү келечекте азык-түлүк рыногунун туруктуу жана тармактын инновациялык-институционалдык туруктуулугун жана рентабелдүүлүгүн камсыз кылуучу фактор катары чыгат.

**Жыйынтык.** Жалпысынан алганда, Кыргыз Республикасынын азык-түлүк рыногунун инфраструктурасын өнүктүрүү интеграцияланган жана көп деңгээлдүү трансформациялоо процессин ишке ашырууну талап кылат. Бул процесс логистикалык, санариптик, өндүрүштүк жана институционалдык компоненттердин өз ара байланышта өнүгүүсүнө негизделиши керек.

Инновациялык технологияларды киргизүү, санариптик трансформациянын масштабын экстенсивдүү жана интенсивдүү кеңейтүү, кайра иштетүү өнөр жайын инфраструктуралык түзүлүшүн модернизациялоо өлкөнүн агрардык секторунун тармактын эл аралык рыноктогу артыкчылыктарын жана атаандаштык потенциалын жогорулатууга өбөлгө түзөт. Ошол эле учурда туруктуу өнүгүү принциптерин эске алуу менен экологиялык коопсуздук маселелерине да экологиялык талаптарды сактоо жана жашыл экономиканын принциптерин интеграциялоо стратегиялык артыкчылыкка ээ.

Бул изилдөө Кыргыз Республикасынын азык-түлүк рыногунун инфраструктурасынын негизги көйгөйлөр катары төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот: транспорттук-логистикалык системанын алсыздыгы, сактоо мүмкүнчүлүктөрүнүн жетишсиздиги жана кайра иштетүү тармагынын төмөн деңгээли аныкталды. Ошондой эле каржылоо мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелиши жана санариптештирүүнүн жай жүрүшү рыноктун натыйжалуулугуна терс таасир тийгизүүдө. Аталган факторлордун жыйындысы рыноктун туруктуу өнүгүүсүнө тоскоолдук жаратып, анын натыйжалуулугунун төмөндөшүнө алып келет.

Ошого карабастан, инфраструктураны модернизациялоо аркылуу бул тармакты өнүктүрүүгө олуттуу мүмкүнчүлүктөр бар. Азык-түлүк рыногунун инфраструктурасын өркүндөтүү өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугу үчүн маанилүү шарт болуп саналат

Азык-түлүк рыногунун инфраструктурасын өнүктүрүү үчүн төмөнкү чараларды ишке ашыруу сунушталат: агрологистикалык борборлорду түзүү, сактоо инфраструктурасын модернизациялоо, кайра иштетүү өнөр жайын өнүктүрүү, санариптик технологияларды кеңири киргизүү, транспорттук тармакты жакшыртуу, мамлекеттик колдоо механизмдерин күчөтүү.

Бул багыттагы реформалар ишке ашырылган учурда Кыргызстандын азык-түлүк рыногу регионалдык деңгээлде гана эмес, эл аралык деңгээлде да атаандаштыкка жөндөмдүү системага айланууга мүмкүнчүлүк алат.

**Адабияттар тизмеси:**

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети. (2025). Айыл чарба жана азык-түлүк рыногу боюнча расмий маалыматтар. https://www.stat.kg Кайрылган датасы: 2026-жылдын 14-апрели.
2. Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги. (2021). Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексин өнүктүрүү стратегиясы (2021–2030-жж.). https://www.agro.gov.kg
3. Абдуллажанова, А. Н. (2023). Макроэкономика: окуу куралы. Бишкек.
4. Асанов, У. А., Жумабекова, А. Т. (2022). Кыргызстандын агрардык секторунун өнүгүшү. Бишкек: Наука.
5. Бабаев, Д. М. (2020). Айыл чарба экономикасы. Бишкек: Билим.
6. Бекбоев Т. Т. (2019). Рыноктук экономика жана агрардык саясат. Бишкек: Илим.
7. Дыйканбаев, Н. С. (2021). Айыл чарба продукциясын кайра иштетүүнүн экономикалык негиздери. Бишкек: Экономика.
8. Жолдошев, М. К. (2022). Логистика жана камсыздоо чынжырларын башкаруу. Бишкек: Турар.
9. Иманалиев, С. А. (2020). Агрардык рыноктун инфраструктурасы. Бишкек: Илим.
10. Касымов, Р. Ж. (2018). Аймактык экономика жана рыноктук байланыштар. Бишкек: Полиграф.
11. Мамбеталиев, Э. А. (2021). Азык-түлүк коопсуздугу жана агрардык саясат. Бишкек: Университет.
12. Омуралиев, К. Т. (2019). Айыл чарба рыногунун өнүгүү тенденциялары. Бишкек: Билим.